Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№30 [17026] ИШЕМБИ, 03/10/2026

Айсалкын Сейтакунова:

“МУГАЛИМДИКТЕН БААР ТАПТЫМ!”



8-бетте

Кара-Суу районунун Жоош айыл өкмөтүнүн башчысы Мамбет Калмуратов:

“АЙЫЛДЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫН ЖАКШЫРТАБЫЗ”



4-бетте

БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ БИЙИК МАКСАТТАР ЖАНА НАТЫЙЖАЛАР



5-бетте

КЫЛЫМ ЖАШАГАН АНАР АПА



6-бетте

ИЙГИЛИК, ЖЕТИШКЕНДИК ЖАНА КӨЙГӨЙЛӨР



3-бетте

Архив кызматынын 100 жылдыгы белгиленди



Ошто Архив кызматынын 100 жылдыгына арналган иш- чара өттү. Бул салтанат КР Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигине караштуу Архив кызматынын Ош региондук башкармалыгы тарабынан уюштурулду.

Иш- чарага КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүА.Кенжебаев, Архив кызматынын төрайымы Н.Базарбаева, Ош региондук башкармалыгынын башчысы Б.Алайчиев, Ош мамлекеттик университетинин ректору К.Кожобеков жана башка тараптар катышышты.

Иш - чара архив кызматынын ишмердүүлүгү тууралуу видеотасма меен башталды. Облус башчысы А.Кенжебаев сөз сүйлөп, архив кызматынын мамлекеттүүлүктү сактоодогу орду өзгөчө маанилүү экендигин белгиледи жана архив тармагында көп жылдан бери үзүрлүү эмгектенген кызматкерлерге сыйлыктарды тапшырды. Облус башчысы Ардак грамоталарын жана 100 миң сомдук сертификатты тапшырды.

Иш- чара салтанаттуу концерттик программа менен коштолду.

К.Кыдыралиева.

Эл аралык тажрыйба алмашты



Жакында Италиянын Рим шаарындагы Сапиенца университетинде Европа Биримдигинин Erasmus+ программасынын SILKWAY (CBHE) долбоорунун жетектөөчү комитетинин кезектеги эл аралык отуруму өттү. Иш-чарага ОшМУнун Математика, физика, техника жана маалыматтык технологиялар институтунун Энергетика кафедрасынын профессору Идирисбек Кенжаев, доценттер Зарипбек Айдарбеков, Түгөлбай Матисаков, долбоордун мүчөлөрү Нажимидин Бабаев, Зарипа Асанова катышты. Алар университеттин тажрыйбасы жана сунуштарын эл аралык өнөктөштөр менен бөлүштү.

Европалык жана Борбор Азиядагы өнөктөштөр кайра жаралуучу энергия булактары, анын ичинде жашыл энергетика боюнча заманбап окуу программаларын иштеп чыгуу, окуу процессине киргизүү, университеттерде ачылган жаңы лабораториялардын ишин талдоо, студенттер менен окутуучулардын эл аралык тажрыйба алмашуусун күчөтүү маселелерин талкуулашты.

SILKWAY долбоору 2024–2027-жылдары ишке ашырылып, жогорку билим берүү системасында инновациялык окутуу ыкмаларын өнүктүрүүгө, жашыл энергетика жана кайра жаралуучу энергия булактары боюнча билим берүүнүн мазмунун жаңылоого багытталган.

ОшМУда долбоордун алкагындагы иштер практикалык багытта да жүргүзүлүүдө. Окуу жайдын энергетика кафедрасы заманбап окуу-лабораториялык жабдуулар менен камсыздалып, студенттер күн, шамал энергиясы, фотоэлектр энергиясы, гидроэнергетика жана энергияны үнөмдөө багыттарында практикалык билим алышууда.

З.Нуралиева, ОшМУнун басма сөз катчысы.

АЛМАЛЫКТА КЫШ ЗАВОДУ АЧЫЛДЫ

Жакында Ноокат районунун Т.Зулпуев атындагы айыл аймагына кирген Алмалык айылында курулган «Чжунда курулуш материалдары» ЖЧКсына таандык жаңы кирпич заводу расмий түрдө ишке киргизилди.

Салтанаттуу иш-чарага Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Нурлан Керимкулов, айыл өкмөтүнүн жетекчиси Данияр Тажибаев жана жергиликтүү калк катышты. Жогорудагы ири долбоорду ишке ашырууда 5 млн. АКШ доллары өлчөмүндө инвестиция тартылган. Кирпич заводунун ишке кириши менен 30 адам жумуш орду менен камсыздалды.

Заманбап өндүрүш ишканасы суткасына 200 миң даана кирпич чыгарат. Завод мындан ары аймактагы курулуш материалдарына болгон ички талапты камсыздоого, курулуш тармагын өнүктүрүүгө, жаңы жумуш орундарын түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Алмалык айылындагы жаңы кирпич заводдун ишке кириши менен Т.Зулпуев атындагы айыл аймагынын жана жалпы эле Ноокат районунун экономикалык потенциалын жогорулатууга, инвестициялык мүмкүнчүлүктү кеңейтүүгө, жергиликтүү калктын жашоо деңгээлин жакшыртууга шарттар түзүлөт. Мындан ары аталган айыл аймагында инвестиция тартуу, өндүрүштү өнүктүрүү, жаңы жумуш орундарын түзүү иштери улантыла бермекчи.

Бурма Ысакова.

Спартакиада

Жакында Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы «Кызыл гвоздика» ден соолукту чыңдоо борборунда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Борбордук комитетинин демилгеси менен билим берүү жана илим кызматкерлеринин арасында алгачкы ирет спартакиада өткөрүлдү.



Спорттук иш-чарага Кыргызстандын жогорку, атайын орто, орто кесиптик жана кесиптик билим берүү уюмдарында эмгектенген кызматкерлер катышып, спорттун 5 түрү боюнча күч сынашты.

Аталган спартакиадада Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин кызматкерлери Ош мамлекеттик университетинин өкүлдөрү менен биргеликте Ош облусунун курама командасынын курамында катышып, спорттун волейбол түрү боюнча 1-орунду, кичи футбол боюнча 3-орунду камсыздашты.

Спорттук иш-чаранын жеңүүчүлөрүн КӨЭАУнун ректору, физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент Алтынбек Зулпукаров жана бириккен кесиптик бирлик комитетинин төрагасы Шералы Эгембердиев Окумуштуулар кеңешинде жалпы жамааттын алдында куттуктап, сыйлыктарды тапшырды.

Белгилей кетсек, спорттук иш-чара Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Борбордук комитети тарабынан каржыланды.

КӨЭАУнун намысын волейбол боюнча төмөнкү кызматкерлер коргоду:

Абдурахмонов Хусниддин Нажмиддинович – Гуманитардык-педагогикалык факультетинин окутуучусу; Таштанбек уулу Байыш – Гуманитардык-педагогикалык факультетинин окутуучусу.иКичи футбол боюнча: Камалов Ильяз Канатбекович – Гуманитардык-педагогикалык факультетинин окутуучусу; Игамбердиев Дониёр Махамаджанович – STEM кесиптер колледжинин окуучусу; Кадырбек уулу Манас – Гуманитардык-педагогикалык факультетинин окутуучусу; Садыкжан уулу Шахзатбек – Гуманитардык-педагогикалык факультетинин окутуучусу

Эттин баасы турукташабы?



Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин басма сөз кызматынын берген маалыматы боюнча эттин акыркы чекене баасын түзүүдө малды багуунун технологиясы, тоюттун наркы, малдын салмак кошуусу, ветеринардык тейлөө, транспорттук жана башка чыгымдар маанилүү роль ойнойт. Эсептөөлөргө ылайык, бордоп семиртүү шартында кармалган бодо малдын этинин 1 килограммынын өздүк наркы 655,67 сомду, ал эми жайыт шартында багылган малдын этинин өздүк наркы 230,82 сомду түзөт.

Жайытта багууда сатып алынуучу тоютка кеткен чыгым салыштырмалуу аз болгону менен малдын суткалык салмак кошуусу жайыраак жүрөт. Бордоп семиртүүдө тоютка чыгым көбүрөөк кетет, бирок туура рацион жана багуу шарттары камсыздалганда суткалык салмак кошуу 0,8–1,0 килограммга жана андан жогору жетиши мүмкүн.

Мындай айырмачылык эт өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатууда тоют базасын өнүктүрүү, сапаттуу жана жеткиликтүү тоют менен камсыз кылуу, малдын породалык сапатын жакшыртуу жана заманбап бордоп семиртүү технологияларын киргизүү маанилүү экенин көрсөтөт. Малды бордоп семиртүү менен алектенген ишкерлер тарабынан республика боюнча 27 595 баш мал бордолууда.

Кыргызстандагы эттин баасы коңшу өлкөлөргө салыштырмалуу 2026-жылдын сентябрь айына карата Кыргызстанда уй этинин орточо чекене баасы 774,4 сом/кг, кой эти 810,6 сом/кг деңгээлинде болгон.

Салыштырма маалыматтар боюнча, Өзбекстанда уй эти болжол менен 934 сом/кг, кой эти 1 007 сом/кг, Тажикстанда тиешелүүлүгүнө жараша 928 жана 1 010 сом/кг, Казакстанда уй эти 810 сом/кг, кой эти 892 сом/кг деңгээлинде болгон. Бул маалыматтар Кыргызстандагы эттин чекене баасы бир катар коңшу өлкөлөргө салыштырмалуу төмөн экенин көрсөтөт. Ошол эле учурда ички рыноктогу баанын туруктуулугу өндүрүш көлөмүнө гана эмес, тоюттун баасына, логистикага, сезондук факторлорго жана тышкы суроо-талапка да байланыштуу.

Даярдаган: К.Кыдыралиева.

ИЙГИЛИК, ЖЕТИШКЕНДИК ЖАНА КӨЙГӨЙЛӨР

Бүгүнкү күндө коомчулук байкап жаткандай, Кыргыз Республикасынын Президентинин, КР Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин жетекчилигин аракеттери менен кийинки жылдарда республиканын бардык аймактарында ден соолуктун булагы болгон спорт тармагында көптөгөн өсүштөр, өзгөрүүлөр болуп жатат.

Биз жакында Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгынын начальниги Айбек Өскөнович Камаловго жолугуп, аны менен Ош облусунда спортту өнүктүрүү багытында жүргүзүлүп жаткан иш-аракеттер жана айрым көйгөйлөр тууралуу маектешип кайтканбыз.



-Айбек Өскөнович, кийинки жылдарда мамлекетибиздин экономикасынын өнүгүшү менен спортту жандандыруу, өнүктүрүү жаатында көзгө көрүнөөрлүк жылыштар болуп жатат. Сөз башатын ушундан баштасак?

- Туура айтасыз, мамлекет башчысы тарабынан спортту өнүктүрүүгө жасалган мындай жылуу мамиле заманбап спорттук имараттардын курулушуна, спорттук мектептердин керектүү шаймандар менен камсыз болушуна, тамак-ашка, жол акысына жумшалчу каражаттардын жогорулашына, спорттук иш-чаралардын байма-бай өткөрүлүп турушуна өбөлгө түзүүдө. Ош облусунун аймагындагы спорттун 20 ашык түрү менен машыгуу жүргүзүп жаткан 10 спорт мектебинде эмгектенген 280ден ашуун машыктыруучуларыбыз мурда 20-30 миң сом алып жүрсө, азыр алардын маянасы 70-80 миң, айрым учурда 100 миң сомго чейин көтөрүлдү. Кийинки кездерде мамлекет тарабынан жаштарды спортко тартууга, машыктырууга, зарыл шарты бар спорттук имараттарды курууга, аларды заманбап шаймандар менен камсыздоого, машыктыруучулардын кесипкөйлүгүн көтөрүүгө олуттуу көңүл бурулуп жатат. Эгерде спорт залдары курулса же оңдолсо, жаңы спорттук шаймандар келсе, балдарыбыздын спортко болгон кызыгуусу ого бетер артат эмеспи. Бул жагдайдан алганда демөөрчүлөрүбүзгө да ыраазылык айта кетүүбүз зарыл. Араван районунда грек рим күрөшү боюнча аты дүйнөгө жеткен, сыймыктуу жердешибиз Акжол Махмудовдун көмөгү жана анын айылындагы машыктыруучулардын аракети менен келечекти үмүттөндүргөн жаш балбандар чыгып жатат. Бишкектеги, Жалал-Абаддагы жатак спорт мектептерге Аравандан барган балдар атайын өткөрүлгөн сынактардан,талаптардан ийгиликтүү өтүп, ал жерде билимин улантышууда. Учурдан пайдаланып, Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгынын имаратын капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу дене тарбия жана спорт агенттиги тарабынан ири суммадагы акча каражаты өз убагында бөлүнүп, көргөн адам ыраазы болгудай деңгээлде жасалып-түзөлгөндүгүн да айта кетүү зарыл.

-Биздин байкообузда,Ош облусунда мурдагы жылдарга салыштырмалуу жаштардын спортко тартылуусу, алардын спорттук ийгиликтеринин көрсөткүчтөрү жылдан жылга өсүп жатат. Аны цифралар менен бышыктап өтсөңүз?

-Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгы 2022-жылды Кыргызстандын чемпионаттарында, Азия, Дүйнөлүк жана Эл аралык деңгээлдеги мелдештерде 96 медаль менен жыйынтыктаса, 2023-жылы өзүбүзгө тиешелүү жумуштардын сапаттуу жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу 214 медалга өскөн. Бул көрсөткүч 2024-жылы 345ке, 2025-жылы 855ке көтөрүлгөн.

- Спорттун бир катар түрү боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук курама командасынын катарын толуктоо, резервин даярдап берүү багытында облуста бүгүнкү күндө кандай эмгектер жасалууда.

- Бул жагдайдан алганда бизде сыймыктана, мактана турган фактылар бар. Улуттук курамада дзюдо, улуттук күрөш түрлөрү, волейбол, футбол, самбо, олимпиадалык жана олимпиада эмес түрлөрү боюнча Ош облусунун салмактуу өкүлдөрү бар. Эркин күрөш, кыздардын күрөшү, грек рим күрөшү, кикбоксинг, бокс боюнча чоң ийгиликтерге жетишкен спортмендерибиз көп. Облустун уландар жана кыздардын волейбол боюнча түзүлгөн командалары республикага аты чыккан командалар. Мындай көрүнүш жаштарыбыздын спортко болгон кызыгуусун арттырып, Кыргызстандын атагын алыска чыгарган грек-рим күрөшү боюнча эл аралык класстагы спорт чебери Акжол Махмудов,Кыргызстандын бокс боюнча курама командасынын мүчөсү, эл аралык даражадагы спорт чебери Мунарбек Сейитбек уулу, дзюдо боюнча Кыргызстандын курама командасынын мүчөсү, эл аралык даражадагы спорт чебери Айбек уулу Кубанычбек сыяктуу агаларындай болууга үндөп келет.

- Мезгил машыктыруучуларга күчтүү талап коюп жатат. Бул багытта жасалган иш-аракеттер тууралуу сөз кыла кетсек?..

-Туура айтасыз, азыркы заман жаңылыкка умтулууну, тынымсыз изденүүнү талап кылып жатат. Башкармалыкка караштуу 10 спорт мектепте эмгектенген машыктыруучулардын билим деңгээлин жогорулатуу, жаңы ыкмаларды өздөштүрүүсү үчүн кесипкөй адистер тарабынан тематикалык семинарлар уюштурулуп турат. Анын катышуучулары машыгуу жаатында дүйнөлүк практикада колдонулуп жаткан жаңы усулдар,ыкмалар менен тааныша алышты. Ошондой эле Казакстандан, Япониядан жана улуттук курамадан жаңы методдорду колдогон белгилүү адистер чакыртылып, алар витаминазиция боюнча атайын тренигдерди өткөрүштү. Анын жүрүшүндө машыктыруучулар организмге ашыкча күч келген учурда аны тез калыбына келтирүүгө, физикалык жактан ишке жөндөмдүүлүгүн арттырууга жардам берген витаминдерди талапка ылайык колдонуу, анын эрежелерин туура сактоо боюнча абдан керектүү маалыматтарды алышты. Анын жыйынтыгында тренингдин катышуучуларына атайын сертификат берилди. Машыктыруучуларыбыздын басымдуу көпчүлүгү мындай окуулардан алынган пайдалуу кеңештерди практика жүзүндө колдонушуп, андан күткөн натыйжаларды алып жаткандыктарын айтып жатышат.

- Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгы 2024-жылы Алымбек датканын 225 жылдыгына карата Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгы спорттун 11 түрү боюнча облустук деңгээлде мелдештерди өткөргөн болчу. Анын андан кийинки тагдыры кандай болду?

- Өткөн жылы Алайдын Калама жайлоосунда КР Президенти Садыр Жапаровдун катышуусу менен өткөрүлгөн чоң ааракеде улуттук спорттун 7 түрү менен боюнча кызыктуу мелдеш уюштурулду. Андан кийин шаарда спорттун олимпиадалык жана олимпиадалык эмес 10 түрү боюнча мелдештер уюштурулду. Өткөн жылы жалпысынан алганда “Алымбек Датка” мелдештерин спорттун 17 түрү боюнча өткөрүүгө жетише алдык.

Быйыл 6-октябрдан 1-ноябрга чейин спорттун олимпиадалык улуттук жана олимпиадалык эмес 22 түрү боюнча эл аралык деңгээлдеги мелдештерди өткөргөнү турабыз. Ал үчүн спорттун түрлөрү боюнча федерациялар менен биргеликте кызуу даярдык көрүп жатабыз. Уюштуруу жакшы, жогорку деңгээлде өтөт деген ишенимдебиз. Учурдан пайдаланып, мекендештерибизди datka-fest-2026 мелдештерди көрүп кетүүгө чакырабыз.

- Сөз аягында, көйгөйлөргө да кайрыла кетсек. Ачуу болсо да моюнга алышыбыз зарыл, Ош облусунун Кара-Суу, Ноокат, Өзгөн сыяктуу бир катар райондорундогу айылдарга спорт жетпей, элет жериндеги тубаса шамдагай, күчтүү балдардын потенциалы ачылбай жаткандыгы баарыбызга белгилүү. Аны чечүү үчүн башкармалык кандай аракеттерди жасап жатат?

-Эсиңизде бардыр, эгемендик алган алгачкы жылдарда спорт тармагы “этиң тургай, табагыңды таап ал” деген акыбалга кептелип, бизге таптакыр көңүл бурулбай калган болчу. Спорт залдарыбыз кароосуз калып, айрымдары бузулуп кеткен. Бир тобу шылуундардын колуна өтүп кеткен учурлар кездешкен. Жогоруда айтылгандай, кийинки жылдарда гана спорт мамлекет тарабынан колдоого алына баштады. Эми ушуга да кудайга шүгүр дейли. Сиз айткан көйгөй көп жылдардан бери топтолуп калган нерсе. Бул жагдай биздин да жүрөгүбүздү ачыштырып келет. 400 миңге жакын калкы бар Кара-Суу районунда болгону 40 гана машыктыруучу бар. Аны жалпы калктын санына бөлө келгенде 10 миң адамга бир гана машыктыруучу туура келип калат. Ошондуктан аталган районго кошумча спорт мектебин ачуу күндүн зарыл талабы. Мындан тышкары Ноокат, Өзгөн, Алай райондук маанидеги шаарларга көп функциялуу спорт мектептерин куруу керек. Райондордо борборлоштурулган спорт мектеби пайдалануга берилсе, ага шаардык мэрия жана биздин агенттик тарабынан каржылоо ишке ашмак. Айрым аймактарда практикаланып жаткандай, мындай кош каржылоо спорт мектебинин ар тараптуу өнүгүүсүнө шарт түзөт. Башкармалык мындай маселелерди чечүү үчүн тиешелүү жактарга өзүнүн аргументтүү сунушун жиберип жатат.

- Дагы бир өкүнүчтүү нерсе, Ош шаарында жана облусунда сууда сүзүү спортун өнүктүрүү тиешелүү жолго коюлган эмес. Ачыгын айтсак, балдарыбыздын көпчүлүгү сууда сүзгөндү билбейт. Ош шаарындагы “Булак” (мурдагы “Делфин”) спорт комплекси жана басейнинин баасы өтө кымбат. Ага бардык эле ата-энелердин мүмкүнчүлүгү жок. Ушул маселени чечүү үчүн сиздер тараптан кандай аракеттер бар?

- Чынын айтсак, бул абдан оор маселе. Сууда сүзүү спорту-олимпиадалык спорттун түрүнө кирет. Жогоруда белгиленгендей, башкармалык агенттикке Ош шаарында түзүлгөн мындай абалдан чыгуу тууралуу өзүнүн далилдүү аргументтүү сунуштарын айтып, расмий кайрылуусунда райондун борборлорунда курула турган көп функциялуу спорт мектептеринде сөзсүз бассейндерди кошуу зарыл экендигин билдирген. Эгер бул маселе оң жагына чечилип, сууда сүзүүчү бассейндер курулуп калса, балдарыбыз сууда сүзүүнүн ыкмасын, техникасын талапка ылайык өздөштүрүп, алардын ичинен таланттууларын, мыктыларын тандап алып, андан ары жетелеп чыгат элек.



- "Жакшы тилек жарым ырыс" дегендей, жакшы тилек кылып туралы. Аманчылык болсо, мамлекетибизде тынчылык болуп турса, жогоруда айтылган көйгөйлөр да чечилип калчу күн келип калаар.

Маектешкен:
Төлөнбай
АБДЫРАЗАКОВ.

Кара-Суу районунун Жоош айыл өкмөтүнүн башчысы Мамбет Калмуратов:

“АЙЫЛДЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫН ЖАКШЫРТАБЫЗ”

Кара-Суу районунун борборуна эң жакын жайгашкан айыл өкмөттөрдүн бири Жоош айыл өкмөтү болуп эсептелет. Жоош айыл өкмөтүндө калктын саны 38 миңден ашат, сугат жери кеңири, дыйканчылык менен алектенген аймак. Жашоочулардын эң бир көйгөйү таза сууга муктаж, Айыл өкмөтүнүн башчысы Мамбет Калмуратов өзүнүн ишин мыкты билген жетекчи. Кызматка келгенден баштап, аймактагы негизги маселелерди чечүүгө багытталган иштерди жамааты менен биргеликте аткарып келе жатат.Айрыкча, таза суу менен камсыз кылуу, ички жолдорду оңдоо, мектептерди жана бала бакчаларды куруу, жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү, өнүктүрүү фонддору жана эл аралык уюмдар менен кызматташууну жакшыртып келатышат.

Быйылкы жылы Жоош айыл өкмөтүнүн бюджети 77 млн сомго бекитилген болсо, анын 33 млн сому жергиликтүү маселелерди чечүүгө жумшалган. Аймактагы 4300 гектар сугат жер Кара-Суу райондук суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүлүп берилди. Жоош айыл өкмөтүнүн аймагындагы ички жолдор жана тротуарлар асфальтталып эл керектөөчу жаңы ишканалар ачылып, социалдык обөектилерди жакшыртуу боюнча долбоорлор иш жүзүнө ашырылууда. Жашоочулардын жашоо шартын жакшыртууда жана алдыдагы максаттар жөнүндө Жоош айыл өкмөтүнүн башчысы Мамбет Калмуратов менен маектештик.

-Мамбет мырза, Жоош айыл өкмөтүндө ичүүчү таза суу көйгөйүн чечүү боюнча жакшы иштер аткарылып жатыптыр, ошол боюнча токтоло кетсеңиз?

-Жоош айыл өкмөтүнө келгениме бир жылдын жүзү болуп калды. Аймактагы эң негизги көйгөйлүү маселелердин бири - ичүүчү таза суу. Ушул маселени чечсек, элдин көйгөйү жеңилдейт деп ойлойм. Таза суу маселеси боюнча 10 айыл өкмөт республикалык бюджетке кирген. Азыркы учурда айыл өкмөт тарабынан аткарылуучу иштердин баардыгы жасалып, 3 гектар жер трансформацияланды. 2027-жылы 10 айылга ичүүчү таза суу киргизүү иштери башталат деген үмүттөбүз.

Айыл өкмөт тарабынан да айылдарга демөөрчүлөрдү тартып, бир топ иштерди аткарып жатабыз. Бүгүнкү күндө аймак боюнча үч скважина, Кызыл-Кошчу айылына «Ас-Сафа» кайрымдуулук фонду тарабынан бир скважина коюлуп, таза суу маселесин 99 пайыз чечтик десем болот.



Айыл өкмөтүнүн аймагындагы

Агартуу айылында да демөөрчүлөрдүн жардамы менен айыл ичин таза суу менен камсыз кылуу максатында 700 кубдук резервуар курулуп, пайдаланууга тапшырдык. Маданият айылында дагы бир скважина жакынкы күндөрү ишке берилүү алдында турат. Биздин негизги суубуз Котур-Булак деген булактан келет. Жазындасы 1 млн сом каражат бөлүп, дренаж каздырып, суу алып келгенбиз. Ошондой эле Зарбалык айылына да демөөрчүлөрдүн сунушу менен скважина коюлуп, буюрса, бул айылдын тургундары да таза суу менен камсыз болот.

Питомник айылынын тургундары да демилге көтөрүп, скважина коюшту. Айыл өкмөт тарабынан бул демилгени колдоо максатында жергиликтүү бюджеттен 500 миң сом каражат бөлүп бердик. Жогоруда белгиленгендей биздин аймактын намыстуу, колдоо көрсөткөн жигиттеримдин колдоосу менен мындай иштердин жыйынтыгында айылдардагы таза суу маселесинин 70 пайызын чечебиз деп турабыз.

Буга чейин аймак боюнча 2-3 эле скважина болуп, айылдарды таза суу менен камсыз кылуу жетишсиз болуп , белгиленген саатта гана суу чыгып турган. Жоош айыл аймагынын эли көбүнчө Котур-Булактан келген сууну ичкендиктен, жай айларында таза суунун тартыштыгы көйгөй жаратчу. Ошондуктан бүгүнкү күндө ичилүүчү таза сууну алдыңкы орунга коюудабыз..

- Аймактагы ички жолдорду оңдоо, асфальттоо иштерине да токтоло кетсеңиз?

-Жол боюнча айта турган болсом,. Питомник айылында 1,5 км ички жол, Кызыл-Кошчу айылында 2 кмге жакын ички жол Транспорт министрлиги тарабынан асфальтталса, Мамажан айылында жалпы 4 км жолдун 2 км Транспорт министрлиги аркылуу, 2 км жеке демөөрчү тарабынан асфальтталды. Азыркы учурда түрткү берүүчү гранттын эсебинен Маданият айылында 1 км ички жол асфальтталып, тогуз айдын жыйынтыгы боюнча Большевик айылында 3 км жол асфальталат.

Биз Транспорт министрлигине бир топ жолдорду асфальттоо боюнча сунуштарды жибергенбиз. Ошол себептүү тизмеде турган жолдорубуз да бар. Негизгиси, Кара-Суу совхозунда 5 км жол Транспорт министрлиги аркылуу жасалып, ошондой эле Кара-Суу-Отуз-Адыр жолунда да иштер жүрүүдө. Мындан сырткары, Кызыл-Сарай, Кызыл-Кошчу, Питомник, Октябрь айылдарынан өткөн негизги жолдор да асфальталууда.

-Жергиликтүү бюджеттин эсебинен кандай иштер аткарылды?

-2026-жылы биз дотациядан чыгып, быйылкы жылдык бюджетибиз 77 млн сомго бекитилди. Анын 33 млн сомун өзүбүздүн ички маселелерибизди чечүүгө бөлдүк. Жоош айыл өкмөтүндө 4300 гектарды түзгөн эң көп сугат жер бар. Быйыл бул жерлерди толугу менен Кара-Суу райондук суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүп бердик. Мындан ары сугат жерлерге байланышкан маселелерди ошол башкармалык карайт.



-Жоош айыл аймагында жеке инвестициялык долбоорлор, жаңы ишканалар ачылгандыгы туурасында кыскача айтып берсеңиз?

-Учурда, Мамажан айылында сууну кайра иштетүүчү ишкана ачылды. Жакын арада Ак-Жар айылында кум-шагыл иштетүүчү ишкана да ачылуу алдында турат. Мындан сырткары, айылдарда элге кызмат көрсөтүүчү чакан ишкана-мекемелерибиз бар. Айылыбызда сугат жер көп болгондуктан, жергиликтүү тургундардын басымдуу бөлүгү дыйканчылык менен алектенип, жүгөрү, беде айдашат.

Аймакта айыл чарбасын өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк чоң. Ошондуктан өндүрүштүк ишканалардын ачылышы, дыйканчылыктын өркүндөшү жана элге кызмат көрсөтүүчү жайлардын көбөйүшү жергиликтүү тургундар үчүн маанилүү.

- Мектептер жана бала бакчалар жөнүндө да сөз кыла кетсеңиз?

-Айыл өкмөтүбүздүн аймагында 10 мектеп, 13 бала бакча бар. Бир мектебибиз авариялык абалда турат. Ал мектептин долбоору капиталдык курулуш башкармалыгы тарабынан бекитилип, жакын арада курулуш иштери башталуу алдында турат. Ошондой эле Питомник айылына да 225 орундуу мектеп курулмакчы.. Ал эми Бирдик айылында ашар жолу менен курулган мектеп бар. Азыр бул айылдын статусун карап, мектеп жана бала бакча маселесин чечип беребиз деп турабыз.

Мурда Агартуу жана Бирдик мектептери электр энергиясы менен жылытылса, азыр түрткү берүүчү гранттын каражатынын эсебинен көмүр менен жылытууга өткөрүп жатабыз. Маданият, Кызыл-Сарай, Ак-Жар айылдарына бала бакча куруу боюнча алардын бардык документтери даярдалып, долбоорлору түзүлүп бүттү. Мындан сырткары, эки айылда үй шартындагы бала бакчалар бар. Келечекте бул айылдарга да бала бакчаларды куруу иштерин пландаштырып жатабыз.

Азыркы социалдык объектилерге болгон муктаждык да жогору. Элдин санына жараша мектептерди, бала бакчаларды жана башка керектүү жайларды көбөйтүү -алдыдагы негизги милдеттерибиздин бири болуп эсептелет.

-ЖРТдан «Алтын сертификат» алган окуучулардын жетишкен ийгиликтери жана сыйлыктары боюнча айтып берсеңиз?

-Өткөн жылы Кара-Суу районунан «Алтын сертификатты» бир дагы окуучубуз алган эмес болчу.

Быйылкы жылы Жуматаева Гүлпери аттуу окуучубуз 234 балл алып, «Алтын сертификат» алып, баарыбызды кубантты. Ал Маданият айылында 8-класска чейин билим алып, кийин «Star» жеке менчик мектебинен окуган. Бул окуучу кызыбызга окуудагы мыкты жетишкендиктери үчүн айыл өкмөтү тарабынан 50 миң сом бөлүп бердик. Мындан сырткары, 200 балдан жогору алган 6 окуучуга да 50 миң сомдон, мектеп жетекчилерине 20 миң сомдон сыйлык бердик.

- Алдыдагы пландарыңыз тууралуу айтып берсеңиз?

-Биздин негизги максатыбыз - элдин жашоо шартын жакшыртуу. Ал үчүн биринчи кезекте ичүүчү таза суу маселесин чечүүгө аракет кылып жатабыз. Ошондой эле жолдорду оңдоо, социалдык обьектилерди куруу, айылдарга инвестиция тартуу жана жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү боюнча иштерди улантабыз.

Алдыда дагы көп иштер бар. Алардын баарын этап-этабы менен чечүүгө аракет кылабыз. Негизгиси - эл менен иштешип, айылдардагы көйгөйлөрдү жеринде көрүп, мүмкүнчүлүккө жараша чечүүгө аракетибизди жумшайбыз.

-Маанилүү маек куруп бергендигиңиз үчүн ыраазычылык билдиребиз!.

Бурма Ысакова.



БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ БИЙИК МАКСАТТАР ЖАНА НАТЫЙЖАЛАР

Билим берүү – коомдун келечегин аныктаган эң маанилүү тармактардын бири. Бүгүнкү мектепте билим алган окуучу эртеңки өлкөнүн кесипкөй адиси болот. Ошондуктан билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, мугалимдин кесиптик дараметин арттыруу жана окуучуга заманбап шарт түзүү ар бир аймактын негизги милдеттеринин катарында турат. Бул багытта Ноокат районунун билим берүү тармагында да олуттуу иштер аткарылууда.

“Учурда райондун аймагындагы 120 мектепте 71 851 окуучуга 5022 мугалим билим жана тарбия берүүдө. Өткөн окуу жылында окуучулардын саны 67 470 болсо, быйылкы окуу жылында 4381 окуучуга, башкача айтканда, 6,4 пайызга өскөн. Райондо мамлекеттик мектептер менен катар жеке билим берүү мекемелери да иш алып барып, билим алуунун түрдүү мүмкүнчүлүктөрү түзүлүп жатат. Сапаттуу билим, санариптик мүмкүнчүлүк жана жаңы мууНду тарбиялоо – райондун башкы багыты”-дейт райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Таалайбек Джусупов.



12 жылдык билим берүү – жаңы баскыч

Билим берүү тармагындагы маанилүү өзгөрүүлөрдүн бири – 12 жылдык мектептик билим берүүгө өтүү. Ноокат районунда бул реформаны ишке ашырууга карата даярдык системалуу жүргүзүлүп жатат.

2025–2026-окуу жылында 1-класска 4216 окуучу, даярдоо классынан секирген 2(12)-класска 5716, 5-класска 6725, 7-класска 6073 окуучу кабыл алынып, аталган класстар жаңы 12 жылдык билим берүү программасы боюнча окуй баштады.

Мындай чоң өзгөрүү мугалимден жаңы билимди, жаңы усулдарды өздөштүрүүнү талап кылат. Ушул максатта 2025-жылдын август айында эле райондогу 247 математика, 287 табигый илимдер, 433 башталгыч класс, 280 англис тили мугалими, жалпы 1247 педагог өз билимин өркүндөткөн.

Ошондой эле 12 жылдык билим берүүнүн алкагында кесиптик багыт берүүгө өзгөчө көңүл бурулуп, райондогу 33 мектепте IT жана программалоо боюнча адистерди даярдоо колго алынып жатат.

Билим сапаты – негизги көрсөткүч

Мектептин ишинин башкы натыйжасы – окуучунун билими. 2025–2026-окуу жылынын жыйынтыгында район боюнча билим сапаты 50,1 пайызды түзгөн, жалпы өздөштүрүү 100 пайызга жеткен.

Билим сапатынын дагы бир маанилүү көрсөткүчү – бүтүрүүчүлөрдүн жогорку окуу жайларына өтүү мүмкүнчүлүгүн аныктаган жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы. 2025–2026-окуу жылында Ноокат районунан 1919 бүтүрүүчү ЖРТга катышып, алардын 1279у 110 баллдан жогорку көрсөткүчкө жетишкен. 49 бүтүрүүчү 200дөн жогорку балл алса, алардын 18и 210 баллдан жогору көрсөткүчкө ээ болгон. Ал эми 150–200 балл аралыгындагы көрсөткүчкө 573 бүтүрүүчү жеткен.

Бул сандар район мектептеринде окуучулардын жогорку окуу жайларына даярдыгына жана билим сапатын жогорулатууга багытталган иштердин маанилүүлүгүн көрсөтүп турат.

Олимпиададагы ийгиликтер – изденүүнүн үзүрү

2026-жылдын 27–28-февралында Ош шаарында өткөн олимпиаданын облустук этабына райондун билим берүү мекемелеринен 45 окуучу катышып, алардын үчөө I, жетөө II, алтоо III орунду ээлеген. Төрт окуучу республикалык баскычка жолдомо алган.

Мындан тышкары өзбек тили боюнча М.Улугбек, М.Мырзакаримов жана М.Эргашев атындагы мектептердин окуучулары I орунга ээ болуп, Ташкент шаарында өтүүчү эл аралык олимпиадага катышууга укук алган.

2026-жылдын июнь айында Өзбекстандын Ташкент облусунда өткөн IV Эл аралык Аль-Хорезми атындагы математика жана информатика олимпиадасына 16 өлкөдөн 219 окуучу катышып, анда Ноокат билимканасынын 9-классынын окуучусу Арсен Жапаров атайын сертификатка ээ болгон.

Мугалим – билим сапатынын өзөгү



Окуучунун жетишкендигинин артында мугалимдин талыкпас эмгеги турат. Райондо педагогдордун кесиптик чеберчилигин жогорулатууга, заманбап окутуу ыкмаларын өздөштүрүүгө кеңири мүмкүнчүлүктөр түзүлүп жатат.

«Мыкты мугалим–2026» сынагынын облустук турунда М. Кудайбердиев атындагы мектептин химия мугалими Рахманкулова Кулпунай I орунду ээлеп, республикалык турга жолдомо алган. «Ноокат билимканасынын» география мугалими Жакып кызы Турсунай II орунду ээлеген. Мындан сырткары бир катар мугалимдер «Мастер-класс» багытында ыраазычылык каттарга татыган.

Мектепке чейинки билим берүү тармагында мыкты педагогдордун эмгеги бааланууда. «Жылдын мыкты тарбиячысы–2026» сынагында «Күн балдары» мекемесинин тарбиячысы Касымова Дүрдана жана А.Нарматов атындагы «Кашкалдак» бала бакчасынын тарбиячысы Айтмамат кызы Асида өз номинациялары боюнча I орунду камсыздап, республикалык турга жолдомо алган.

Санариптик мектеп – мезгил талабы

Азыркы билим берүүнү санариптик технологияларсыз элестетүү мүмкүн эмес. Ноокат районунда мектептерди интернет менен камсыздоо багытында олуттуу иштер аткарылып жатат. Учурда райондогу 120 мектептин бардыгы интернетке туташкан. Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин 92,4 пайызы интернет менен камсыз болгон.

Райондогу жалпы билим берүү мектептеринде эмгектенген 2743 мугалимге «Алтын Казык» ноутбуктары берилген. Педагогдор аларды сабак өтүүдө, электрондук журнал жана электрондук күндөлүк менен иштөөдө пайдаланып жатат. 2025–2026-окуу жылында бардык билим берүү мекемелерине электрондук күндөлүк киргизилип, мугалимдердин кагаз түрүндөгү отчеттук иштери кыскарган.

Ал эми STEM багыты боюнча 6 мектепте лабораториялык аянтча түзүү иштери жүрүп жатат. Бул келечекте мектеп технопаркын түзүүгө жана окуучулардын робототехника, инженерия, технология багыттарына болгон кызыгуусун арттырууга өбөлгө түзөт.

Мектеп жана бала бакча – көңүл борборунда

Билим берүүнүн сапаты мугалимдин эмгеги менен гана эмес, балдар үчүн түзүлгөн шарт менен да тыгыз байланышта. Ноокат районунда учурда 124 мектепке чейинки билим берүү мекемеси иштеп, аларда 14 676 бала тарбияланууда. 1 жаштан 6 жашка чейинки балдардын бала бакчага тартылуу көрсөткүчү 41,9 пайызды түздү.

Райондо жаңы билим берүү объектилерин куруу иштери уланып жатат. Республикалык бюджеттин эсебинен Ноокат райондук көркөм-сүрөт жатак-мектебинин, «Каранай», «Кулуштан», «Беш-Тал» мектептеринин жана Н.Исанов айыл аймагындагы «Кожоке-1» бала бакчасынын курулушу жүрүп жатат. Мындан тышкары жергиликтүү бюджеттин эсебинен бир катар бала бакча курулуп жатат.

Ошол эле учурда райондо чечүүнү талап кылган маселелер да бар. Маалыматка ылайык, жети авариялык мектеп жана эки авариялык бала бакча бар. Айрым айылдарда жаңы мектептерди жана бала бакчаларды курууга муктаждык сакталууда.

Балдардын ден соолугу жана ысык тамак

Окуучунун билим алуусу менен катар анын ден соолугуна кам көрүү маанилүү. Райондо 110 мектепте 30 145 окуучуга ысык тамак берилет. Бул ысык тамак менен камсыз болгон окуучулардын жалпы санынын 96,6 пайызын түзөт.

Мектептердин ашканаларын жакшыртуу, тамактануунун сапатын көтөрүү багытында бир катар иштер жүрүп жатат. Айрым мектептердин ашканалары жаңы электр жабдуулары менен камсыздалган. Ошондой эле мектептердин аймагында окуучуларды туура тамактанууга багыттоо менен катар практикалык иштерди уюштурууга шарт түзгөн алма бактары жана бакча аянттары уюштурулууда.

Келечекке багытталган аракет

Билим берүү бөлүмүнүн негизги багыттарынын өзөгүндө сапаттуу билим берүү, мугалимдин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу, окуучунун чыгармачылык жана интеллектуалдык дараметин ачуу, санариптик технологияларды киргизүү, 12 жылдык билим берүүгө өтүүгө даярдык көрүү жана балдар үчүн коопсуз, ыңгайлуу шарттарды түзүү маселелери турат.

Албетте, билим берүү тармагында чечиле турган маселелер дагы арбын. Бирок бүгүнкү жетишкендиктер, окуучулардын олимпиададагы ийгиликтери, ЖРТдагы көрсөткүчтөр, мугалимдердин республикалык сынактардагы жетишкендиктери жана санариптик мүмкүнчүлүктөрдүн кеңейиши Ноокатта билим берүүнү өнүктүрүүгө багытталган иштердин системалуу уланып жатканын көрсөтүп турат.

Билим – келечекке салынган эң чоң инвестиция. Ал эми ошол келечекти түптөөнүн башында мугалим, мектеп жана билим берүү системасы турат. Бүгүнкү аракеттердин негизги максаты – заман талабына жооп берген, билимдүү, изденген, мекенчил жаш муунду тарбиялоо.

А.МАТИЕВА.

Урмат

КЫЛЫМ ЖАШАГАН АНАР АПА



Элибизде «Карынын кебин капка сал», «Карысы бардын-ырысы бар» деген сыяктуу накыл кептер бар.Улгайган кезде карыларыбыз аталарыбыз, апаларыбыз уул-кыздарынын төрүндө олтуруп,чайын ичип, кадырлуу коногу болуп отурганга эмне жетсин. Мына ошондой бир кылым жашаган сыйлуу апаларыбыздын бири, Ноокат районундагы Төөлөс айыл өкмөтүнүн аймагындагы Меркит айылынын жашоочусу, 102 жаштагы карыя Анар Баймурзаеваны сыймык менен айтууга болот.Азыркы учурда Анар апанын 1 уулу, 8 кызы, 31 небереси, 103 чөбөрөсү, 23 кыбырасы бар. Өзүнчө бир чоң шаар.

Анар Баймурзаева 1924-жылы турмуштун оор мезгилинде төрөлөт. Жаштык мезгили согуш мезгилине туш келгендиктен, тылда эмгектенет. Өзү теңдүү курбулары менен пахтада, тамекиде иштешет. Турмуштун оор кыйынчылыгын көргөн Анар апа балдарын тарбиялап, жогорку окуу жайларына окутту. Алар ар түрдүү кесиптин ээси болушту.

Баатыр Эне, көптөгөн медалдардын ээси, айылдагы үлгүлүү үй-бүлө. Дөөлөттүү карылыктын жашоосун кечирип жатат.

Бүгүнкү күндө 16300 сом гана пенсия алат. Аз пенсия алса да каниет кылып шүгүрчүлүк келтирет. Мамлекет тарабынан жыл сайын пенсияга кошулуп жатканына кубанып, өкмөт башчыга ыраазычылыгын билдирип, Кыргызстанда тынчтык, ынтымакчылык, барчылык болсун айланайын деп ак батасын берди Анар апа.

Жергиликтүү бийлик органдары тарабынан да жыл сайын 8-мартта, 9-май Жеңиш майрамынын күнүндө, 190 май Энелер күнүнө карата куттуптап, белектерин берип турушат.

Жаштарыбызга ыйман, акыл берсин, карыларыбызга дөөлөттүү карылык берсин, жакшы каарышсын, жаштарыбызга акыл насаатын, берип жүрүшсүн деп батасын берди,- Анар апа.

Бурма Ысакова.

Алайдын айылындагы спорт



Алай районунун Тилектеш айыл өкмөтүнө караштуу Аюу-Тапан, Орто-Суу жана Кызыл-Булак айылдарында жаштардын демилгеси менен «Ынтымак» муундар аралык спорттук мелдеши үзгүлтүксүз өткөрүлүп келет.

Спорт-ден-соолуктун гана булагы, жаштарды бир максатка бириктирген күч. Мелдештин негизги максаты да ушунда: айыл жаштарынын ынтымагын бекемдөө, спортко болгон кызыгуусун арттыруу, бош убакытты пайдалуу өткөрүү менен бирге кылмыштуулукка, укук бузууларга жана рэкетчиликке бөгөт коюу. Өзгөчө муундар ортосундагы достук мамилени бекемдөөгө көңүл бурулууда.

Үч айда бир ирет уюштурулган мелдешке 12 муундун өкүлдөрүнөн түзүлгөн 12 команда катышып, волейбол, футбол жана улуттук ат оюну — көк бөрү боюнча күч сынашат.

Женүүчүлөргө жеке демөөрчүлөрдүн жана катышуучулардын өз каражаттарынан акчалай сыйлыктар тапшырылып, спортчулардын аракети бааланууда.

Мындай демилгелер жаштарды сергек жашоого үндөп гана тим болбостон, айылдагы ынтымакты чыңдап, «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган» биримдиктин бекем пайдубалын түзүүдө.

Н. Өмүрзакова.

ӨЗГӨНДҮН ЖАШ СПОРТЧУЛАРЫ — ОБЛУСТУК МЕЛДЕШТИН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮ



Жаштар арасында спортту өнүктүрүү, сергек жашоо образын жайылтуу жана таланттуу спортчуларды колдоо — бүгүнкү күндүн маанилүү багыттарынын бири. Бул багытта Өзгөн районунун жаш спортчулары да өздөрүнүн талыкпас аракеттери жана мыкты оюн чеберчилиги менен ийгиликтерди жаратып келишет.

Кыргыз Республикасынын Президентинин «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолун ишке ашыруу жана колдоо максатында Ош облусунун райондук жана шаардык спорт мектептеринин тарбиялануучулары арасында Чоң-Алай райондук балдар-өспүрүмдөр спорттук мекемесинин «Ачык биринчилик» Кубогу өткөрүлдү.

Аталган мелдеште уландар арасында волейбол боюнча күч сынашкан командалардын ичинен Өзгөн райондук балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин командасы мыкты оюн көрсөтүп, I орунду камсыздады. Жаш волейболчулардын жеңиши алардын машыгуудагы үзүрлүү эмгегинин, машыктыруучулардын мээнетинин жана командалык ынтымактын натыйжасы болду. Мелдештин жыйынтыгында Өзгөн райондук балдар-өспүрүмдөр спорт мектебине I даражадагы Диплом жана Кубок тапшырылды.



Жаш спортчулардын ийгилиги район жетекчилиги тарабынан да белгиленип, Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин орун басары Максатбек Ибраимов жеңишке жетишкен спортчуларды кабыл алды. Ал жаш волейболчуларды жетишкен ийгилиги менен куттуктап, алардын спорттогу алгачкы жеңиштери мындан аркы чоң жетишкендиктерге жол ачарына ишеним билдирди. Ошондой эле алдыдагы мелдештерде ийгиликтерди жаратып, Өзгөндүн намысын татыктуу коргой беришине тилектештигин билдирди.

Белгилей кетсек, Өзгөн райондук балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин волейбол боюнча командасы Ош облусунун райондук жана шаардык спорт мектептеринин тарбияланууучулары арасында өткөрүлгөн «Ачык биринчилик» Кубогунда уландар арасында I орунду ээлеп, өзүнүн спорттук даярдыгын дагы бир ирет далилледи.

Бул жеңиш — жаштардын спортко болгон кызыгуусун арттырууга, жаңы таланттарды тарбиялоого жана райондо спортту өнүктүрүүгө дем берген жакшы саамалык.

А.САПАРБАЕВА.

Аракет

СПОРТКО КЫЗЫККАНДАР КӨП



Айыл жергесиндеги жаштардын спортко болгон кызыгуусу күн сайын артып баратат. Мына ошондойлордун катарына Ноокат районундагы Жаңы-Ноокат айыл өкмөтүнүн аймагындагы жаштар тарабынан уюштурулган футбол командасы жөнүндө сөз кылмакчыбыз.

Футбол бул спорту өнүктүрүү, жаштардын ден-соолугун чыңдоо жана достук мамилелерди бекемдөө болуп саналат. Спортту сүйүүчү жаштар коңшу айылдарга барып, футбол боюнча оюндарга жана мелдештерге катышып. 1-2- орундарды алып келишүүдө.Кызыл-Тейит айылындагы жаштар арасында футбол академиясында да ойноп келишүүдө.Жаштар командасынын тобу Кызыл-Кыя шаарына жана Кара-Суу райондоруна барышып, 1-орунду багындырышып келишкендигин айтып кетмекчибиз. Футбол оюнунун машыктыруучусу Расул Ирисбаев футболду ойноонун түрдүү ыкмаларын жаштарга үйрөтүп машыктырып келе жатат. Көптөгөн жаштардын машыктыруучусу, насаатчысы.

Жогоруда өткөрүлгөн оюндарда айылдын футболчулары өздөрүнүн спорттук даярдыктарын көрсөтүү менен бирге, башка аймактын командалары менен тажрыйба алмашышып, достошуп, ийгилик сырларын бирге чечишип келишүүдө. Мындай спорттук иш=чаралар жаштардын ынтымагын бекемдеп, сергек жашоо образын жайылтууга чоң салымын кошуп келүүдө.Ошондой эле Жаңы-Ноокат айыл аймагында футбол боюнча турнир өткөрүү айыл өкмөтү жана демөөрчүдөр тарабынан колдоого алынган. Аталган турнирдин негизги максаты, жаштарды спортко тартуу,футбол оюнун өнүктүрүү, таланттуу жаш оюнчуларды аныктоо жана айыл арасындагы достукту, ынтымактуулукту бекемдөө болуп эсептелет. Учурда турнирди уюштуруу жана өткөрүү боюнча даярдык иштери кызуу жүргүзүлүп жатат. Жаш спортчуларды Кыргызстандан тышкаркы Өзбекстан жана Казакстан республикаларына да чыгаруу максаттары бар.

Равшанбек уулу Нургазы, Ноокат районундагы Жаңы-Ноокат айыл өкмөтүнүн жаштар комитетинин төрагасы.

Темирлан тогуз коргоол боюнча чемпион



Темирлан Нурбеков Румыниянын Бухарест шаарында өткөн тогуз коргоол боюнча дүйнө чемпионатында классика түрү боюнча чемпион аталды. Айтсак,үстүбүздөгү жылдын 21–27-сентябрь күндөрү өткөн мелдешке Румыния, Чехия, Испания, Түштүк Корея, Өзбекстан, Түркмөнстан, Түркия жана Казакстан сыяктуу 20дан ашуун өлкөдөн келген спортчулар катышты.

ОшМУнун басма сөз кызматы берген маалымат боюнча Темирлан Нурбеков мелдештин жүрүшүндө Казакстандын эки оюнчусу менен беттешти. Алардын бири менен тең чыгууга жетишсе, экинчисин 1:0 эсебинде жеңди. Темирлан учурда ОшМУнун дене тарбия адистигинде билим алат. Тогуз коргоол менен 17 жылдан бери машыгып келе жаткан жаш спортчунун бул жетишкендигинде машыктыруучусу Мирбек Рахмановдун эмгеги чоң.

Сергек жашоо образы ден соолукту бекемдейт

29-сентябрь -Бүткүл дүйнөлүк жүрөк күнүнө карата Ош облусунун мекеме- ишканаларынын кызматкерлеринин ден соолугу Саламат жүрөк ”ЧекАп модулу боюнча текшерүүдөн өткөрүлдү. Бүткүл дүйнөлүк Жүрөк күнү — жалпы жүрөк-кан тамыр ооруларынын (инсульт, инфаркт, жүрөк жетишсиздиги ж.б.) алдын алуу жана алар менен күрөшүү максатында өткөрүлөт. Ал жыл сайын 29-сентябрда белгиленет. Негизги максаты— жалпы жүрөк-кан тамыр ооруларынын алдын алуу жана калк арасында сергек жашоо образын жайылтуу.

Кыргызстанда жүрөк-кан тамыр оорулары калктын өлүмүнүн башкы себеби болуп саналат. Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча 2023-жылы өлүмдүн түзүмүндө жүрөк-кан тамыр ооруларына өлүмдүн бардык учурларынын жарымынан көбү (52,3 %) туура келген. Кыргыз Республикасында жүрөк-кан тамыр ооруларына (ЖКО) каршы күрөшүү, оорулардын алдын алуу жана заманбап санариптик медициналык кызмат көрсөтүүнү камтыган «Саламат жүрөк» (2025–2030-жылдар) улуттук программасы активдүү ишке ашырылып жатат. Программанын негизги максаттары жана багыттары Кыргыз Республикасында жүрөк-кан тамыр ооруларынан (ЖКО) жана жугуштуу эмес оорулардан (ЖЭО) мезгилсиз өлүмдү 25 %га азайтуу жана



социалдык-экономикалык жүктү жеңилдетүү жана баштапкы медициналык санитардык жардам деңгээлинен тартып жогорку деңгээлдеги адистештирилген жогорку технологиялык медициналык жардамга чейинки бирдиктүү системаны түзүү аркылуу калкка сапаттуу жардым көрсөтүү болуп эсептелет.

Ош облусунун саламаттык сактоо уюмдарында программанын алкагында жүрөк-кан тамыр оорулары боюнча калк арасында түшүндүрүү, алдын ала текшерүү (скрининг) иш- чаралары жигердүү улануда. Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу тарабынан мекеменин кызматкерлери үчүн акысыз кан басымды өлчөө, салмак-бой текшерүү жана кандагы канттын деңгээлин аныктоо боюнча текшерүүлөр, ден соолукту чыңдоо каанасынын адистери тарабынан калк арасында маалымат берүү семинарлары өткөрүлүп жатат.

Аталган иш-чаралардын максаты сапаттуу баштапкы медико-санитардык жардам көрсөтүүгө бирдей мүмкүнчүлүк алуу жана сергек жашоо мүнөзүн жайылтуу аркылуу Кыргызстан калкынын ден соолугун жана бакубаттуулугун жогорулатуу болуп саналат. Иш- чаралар Ош облусунун бардык райондорунда, жер-жерлерде уюштурулуп, өткөрүлүп жатат.

Текшерүүдөн өткөрүү Ош облусу боюнча саламаттыкты сактоо координатору тарабынан уюштурулуп өткөрүлдү. Текшерүү Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы өкүлчүлүгүндө, Ош электр тармактар ишканасында, Ош облустук капиталдык курулуш башкармалыгында (УКС) жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак-жай коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин Ош облустук архитектура-курулуштук контролдоо регионалдык башкармалыгында өткөрүлдү. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак-жай коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин Ош регионалдык шаар курулушу жана архитектура башкармалыгы (Архитектура)-өткөрүлдү. КР нын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын Ош шаары жана түштүк региону боюнча ири салык төлөөчүлөрдү контролдоо башкармалыгында өткөрүлгөнүн белгилейбиз.

К.Кыдыралиева.

Жарыялар

Жараксыз деп табылсын

2017-жылы Кыргыз-Өзбек Университети тарабынан Шакирова Дилфузахон Мансуржон кызына берилген УС № 170213479 каттоо № 390 сандуу дипломунун 2 барак тиркемеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

1983-жылы Майли-сай №2 Техникалык окуу жайы тарабынан Жуманазаров Турду Жамалдиновичке берилген Б № 737601 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

Ош мамлекеттик университети тарабынан 1991-жылы берилген, Камбаралиева Розага таандык ТВ-I 124026 сериядагы диплом жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

ОшМУнун медицина факультетинде ВПО 210 152 562, 230 038 143, 230 038 214 сандуу 3 даана академ маалымкаттар жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

1993-жылы ОшМУ тарабынан Саматова Назгул Рахманбердиевнага берилген № 11474 каттоо № 182 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

1988-жылы ОГПИ тарабынан Байматова Рахима Тойчуевнага берилген МВ № 126731 каттоо № 449 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2005-жылы Кыргыз-Өзбек университети тарабынан Саттибаева Шахноза Рустамовнага берилген СД № 050111695 каттоо № 170 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Считать недействительным

В связи с утерей бланки для разрешений грузоперевозок (дазвол) ОсОО фирма “Ошмежтранс ”

1. Грузия 2х транзит сторонний транзит 227309
2. Китай KGZ/UZB/KHP 3х сторонний 1309
3. Грузия 2х сторонний транзит 227237
4. Грузия 2х сторонний транзит 227226
5. Азербайджан 2х сторонний транзит 2216413
6. Турция 3х сторонний 670471
7. Азербайджан 2х сторонний транзит 2216388
8. Иран Исламская Республика 2х сторонний транзит 1101042
9. Грузия 2х сторонний транзит 227187
10. Азербайджан 2х сторонний транзит 2216386
11. Туркмения 2х сторонний транзит 344854
12. Грузия 2х сторонний транзит транзит 227186
13. Туркмения 2х сторонний транзит 344816
14. Туркмения 2хсторонний транзит 344815

Считать недействительным .

ххх

В связи с утерей бланки для разрешений грузоперевозок (дазвол) ОсОО фирма “Кыргыз Жук Транс”

1. Грузия 2х сторонний транзит 227312
2. Туркмения 2х сторонний транзит 344902
3. Турция 3х сторонний 670470
4. Иран Исламская Республика 2х сторнний транзит 1101040
5. Азербайджан 2х сторонний транзит 2216385
6. Туркмения 2х сторонний транзит 344843
7. Грузия 2х сторонний транзит 227180
8. Туркмения 2х сторонний транзит 344814

считать недействительным.

Считать недействительным

В связи с утерей бланки для разрешений грузоперевозок (дазвол) ОсОО фирма “ЮгАгроФруд ”

1. Туркмения 2х сторонний транзит 344807.

Считать не действительным.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясий гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү:
Т. Абдыразаков

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт. Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7–13–34,** Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjangaz@gmail.com**

Гезиттеги спорттук материалдар КР Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинин медиа чөйрөдөгү мамлекеттик социалдык заказынын алкагында даярдалды

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г. Көлөмү А3 - 2 басма табак.
Тел: 0 (312) 53-00-00.

Буюртма №:1081 Нускасы: 1700

Айсалкын Сейтакунова:

“МУГАЛИМДИКТЕН БААР ТАПТЫМ!”

Мен, Сейтакунова Айсалкын Байдылдаевна, мугалиммин. 1962-жылы, 10-апрелде Ош облусунун Кара-Кулжа районундагы Коо-Чаты айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулгамын. 1979-жылы айылдын "Сагындык" орто мектебин аяктап, жогорку билимди азыркы ОшМУнун педфагынан алдым. Келечегим билим берүүгө байланган экен, азыр мен мугалимдиктен тапкан тоодой бактым тууралуу кыскача айтып бергим келип турат.



Келечек кесибим мектепте аныкталган

Бир күнү кичинекей окуучум колуна гүл алып, класска кирип келип, мага таазим эте гүлүн сунду. Бул – ыраазычылыктын гүлү эле, “а” тамгасын тааныткан мээнетиме, турмуштун даңгыр жолуна даярдаган алгачкы кадамына билимдин гүлүн сепкен эмгегиме сунулган гүл эле. Быйтыйган колдору менен гүлүн сунуп турганда жүрөгүм элжиреп, териме бартай сүйүнүп, териме эле эмес, бул ааламга батпай турдум. Мугалимди кубантуу, анын эмгегин баалоо – ушунчалык кичинекей, бирок чын көңүлдөн чыккан кооз, бир букет гүл болуп турду. Мен ошондо мугалим болгонума, ушул бала менин окуучум экенине бактылуу болуп турдум. Мен ошондо балдарга, алар аркылуу ааламга билим берген мугалим экениме, мугалим деген кесиптин ээси экениме сүйүнүп турдум.

Ооба, мен мугалиммин. Болгондо да, бал тил менен мектепке келген көк тал балдарга “а” тамгасын үйрөткөн мугалиммин. Азыр ойлосом мугалимдик кесипти мектепте эле тандаптырмын. Анткени бизди окуткан агай-эжекелер билим куржунубузга ушул “мугалим” деген атты кыттай коюптур. Алар бизге үлгү болчу, алар биз үчүн кол жеткис бийиктиктеги мугалим болчу. Көрсө, ошол агайларым, ошол эжекелерим менин келечек тадырыма чоң багыт берип, спутник болуптур. Ошолордой болсом экен деген көксөө мени 1979-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна, азыркы ОшМУнун педфагына, мугалимдик кесипке тапшырганга түрткү бериптир.

Студенттик жылдарым

Жаштыктын жалындаган, өмүрдүн жаркыраган жылдары – бул, студенттик убак тура. “Күүгүмү жок, аппак сулуу таңдардай, Күлкүгө бай, сүйүүгө бай, шаңга бай”,-деген ыр саптары таасын жазылыптыр. Биз дагы студенттик күндөрдүн “доорун” сүрдүк. Ыр, күүгө ширелген жылдарды окуу менен да өткөрдүк. Оо, андагы окуу. Азыркыга салыштыра албайм. Талап катуу болчу. Совет мезгилиндеги билим берүү системасы тартипке, тактыкка жана терең теориялык даярдыкка өзгөчө басым жасачу. Ар бир сабак жогорку жоопкерчилик менен өтүп, мугалимдер студенттерден билимди гана эмес, тарбияны, эмгекчилдикти да талап кылышчу. Биз ушундай “шнелден чыктык”. Ошентип мен 1983-жылы "Педагогика жана башталгыч билим берүү медотикасы" адистигине ээ болуп, педфакты ийгиликтүү аяктадым.

Институтту аяктаган жыл – менин жашоомо чоң бурулуш алып келди. Мурдагы күнкү эч нерседен капары жок секелек кез, окуучулук күндөр, кечээки жаштыктын жалындаган студенттик жылдары артта калды. Окууну бүтөөрүбүз менен педфакта чогуу окуган курсташым, жердешим Курманбек Каракозуев менен баш кошуп, турмуштун даңгыр жолуна түштүк. Ошентип экөөбүз тең эмгек жолубузду, ошол 1983-жылы Күйө-Таш айылындагы "Өзгөрүш" орто мектебинде башталгыч класстын мугалими болуу менен баштадык.



Талпынган балдарга талбаган эмгек

Билим берүүдөгү биринчи жылымда, болгондо да биринчи эле иш күнүмдө биринчи классты, башталгыч класстын мотурайган окуучуларын кабыл алдым. Алгачкы күндөрдөн тарта мугалимдик кесиптин жоопкерчилигин терең сезип, ар бир сабакка чоң даярдык менен кире баштадым. Балдардын таза дүйнөсүнө жол табуу, ишенимине ээ болуу мен үчүн эң башкы максат жана милдет болчу. Ар бир окуучунун мүнөзүн байкап, жөндөмүн ачууга аракет кылдым. «Баланы тарбиялоо – бул чоң жоопкерчилик» деп белгилеген Василий Сухомлинскийдин сөздөрү менин ишимде негизги багыт болуп берди. Ушул ойлор менен мугалимдик жолумдун пайдубалын бекем салдым.

Балдарды адептүүлүккө, чынчылдыкка, эли-жерин сүйүүгө жана өзүн-өзү башкарууга тарбиялоо — менин ишимдин өзөгү болду. Мээримдүүлүк менен боорукерликти айкалыштырып, ошол эле учурда талапты да катуу коё билүүгө аракет кылдым. «Мугалимдин эң башкы куралы – анын өзүнүн инсандыгы» деген Константин Ушинскийдин насааты да мен үчүн чоң сабак болгон. Ошондуктан өзүмдү дайыма өнүктүрүп, окуучуларга үлгү болууга умтулдум. Мугалим болуу — бул жөн гана кесип эмес, бул бүт өмүргө тең миссия экен.

Келечекте чыгаан, иш билги, уюштургуч, Кыргыз мамлекетине кызмат кылган татыктуу инсандарды тарбиялоо менин башкы максатым болду. Ар бир окуучумдун келечегине кайдыгер карабай, алардын ийгилигине өз салымымды кошууга аракет кылдым. Убакыт учуп, жылдар өткөн сайын мен окуткан балдардын ийгилигин, өсүп-өнгөнүн көрүү – мага чоң бакыт, кубаныч тартуулайт. Азыр алардын ар бир жетишкендиги – мен үчүн чоң сыйлык жана сыймык экенин аңдап турам.

Бүгүнкү күндө окуучуларым ар кыл тармакта ийгилик жаратып, иштеп келишет. Алардын арасында директорлор, ири ишкерлер, мугалимдер жана коомго пайда алып келген башка кесип ээлери бар. Ар бири өз ордун таап, өзү сүйгөн кесиптин ээси болушту. Кыргызстандын бардык аймактарында эмгектенип, элге кызмат кылып жатышат. Алардын ийгилигин көргөн сайын жүрөгүм толкуп, убагында мугалимдик кесипти тандаган экемин деп, сыймыктанып коем. Ушундай шакирттерди тарбиялап чыгаруу — менин өмүрүмдүн эң чоң жетишкендиги болуп калды.

Бир мектепте 35 жыл үзүрлүү эмгектенип, бул аралыкта 8 классты бүтүрүп, чоң турмушка узатым. Узак жылдар бою талыкпаган эмгегим, окуучуларга болгон мээримим жана кесипкөйлүгүм бааланып, бир катар ардактуу наамдарга татыдым. Мугалимдик жол мага жөн эле кызмат эмес, чын дилден чыккан ыйык милдет болду. 2018-жылы ардактуу эс алууга чыксам да, мугалимдик кесипке болгон сүйүүм жүрөгүмдө сакталып калды.

Азыр мен өзүм бүтүргөн балдардан адамгерчиликти, таза жана ак ниет иштөөнү, кичи пейилдикти, адептүүлүктү издей берем. Анткени ушул касиеттер адамды көркүнө чыгарып, коомдо өз ордун табуусуна өбөлгө түзөт эмеспи. Мен өзүм да ушул сапаттарды карманууга аракет кылып келдим, айланамдагыларга үлгү болууну каалайм. Анткени адамдын чыныгы баалуулугу анын билиминде гана эмес, жүрүм-турумунда жана адамдык касиетинде деп билем.





Талбаган эмгектин татыктуу сыйлыгы

Билим берүүгө кошкон эмгек жолумда бир катар ардактуу сыйлыктарга жана наамдарга татыдым. Алардын катарында “Өзгөрүш” орто мектебинин “Мактоо баракчасы”, ушул мектептин кийин аты өзгөргөн А.Жаңыбаев атындагы орто мектебинин “Ардак грамотасы”, Кызыл-Жар айыл өкмөтүнүн “Ардак грамотасы”, Кара-Кулжа райондук билим берүү бөлүмүнүн “Ардак грамотасы”, ошондой эле Ош облустук билим берүү башкармалыгынын “Ардак грамотасы” бар. Узак жылдык эмгегим бааланып, “Эл агартуунун мыктысы” төш белгиси менен сыйландым. Мындан тышкары, 2005-жылы райондук “Мыкты мугалим – 2005” кароо-сынагында 1-орунду ээлеп, “Ардак грамота” жана “Мактоо баракчасына” татыдым.

Жолдошум Курманбек экөөбүз билим берүүнүн жүгүн аркалаган өмүрүбүздө 4 уул, 2 кызды тарбиялап өстүрдүк. Аларга да татыктуу тарбия берип, адеп-ахлактуу, эмгекчил, билимге умтулган инсан болуп калыптанышына өзгөчө көңүл бурдук. Бүгүнкү күндө ар бири өз жолун таап, коомго пайдалуу кызмат өтөп келишет. Балдарыбыздын жетишкендиктери — биздин ата-эне катары көргөн эмгегибиздин үзүрү. Үй-бүлөбүздө ынтымак, сый-урмат ар дайым башкы орунда турат. Балдарыбыздан тараган неберелерибиз биздин жашообузга өзгөчө кубаныч тартуулап келишет.

Азыр эми байым экөөбүз пенсиядабыз. Ошол пенсияга чыккан күн өмүрүмдөгү өзгөчө, толгон толкунануу менен коштолгон учур болду. Көп жылдык эмгектен кийин эртең менен мектепке шашпай калуу мага башында башкача сезилди. Класстын шаңдуу үндөрү, окуучуларымдын күлкүсү, сабакка болгон жоопкерчилик — мунун баары бир заматта артта калгандай туюлду. Жүрөгүмдүн бир бурчунда сагыныч уялаганы менен, мен татыктуу эс алууга жеткенимди да терең түшүндүм.

Мугалимдик кесип жүрөгүмдө түбөлүк сакталган

Убакыт өткөн сайын жаңы жашоонун ыргагына көнүп калдым. Эми неберелериме көбүрөөк убакыт бөлүп, үй-бүлөмдүн куту болдум. Көп жылдар бою топтогон тажрыйбамды бөлүшүп, акыл-насаат айтып, айланадагыларга дагы деле пайда келтирип жатам деп ойлойм. Мугалимдик кесип жүрөгүмдө түбөлүк сакталгандыктан, ар бир балага мээрим төгүп, тарбия берүү адатым өзгөргөн жок.

Азыр биздин Күйө-Таш айымдарынын музыкалык “Шайыр апалар” тобунун төрайымымын. Ырдаганды бала күнүмөм жактырам. Бул топ аркылуу айыл айымдарын бириктирип, алардын чыгармачылык дараметин ачууга салым кошуп жатам десем болот. Элдик ырларды, каада-салттарды даңазалап, ар кандай маданий иш-чараларга активдүү катышабыз. “Шайыр апалар” тобу менен бирге сахнага чыгып, элге жакшы маанай тартуулоо да мен үчүн чоң сыймык болуп калды. Ошентип, коомдук жана маданий турмушка аралашып, активдүү жашоо образын улантып келем. Мен азыр да бактылуумун!

Айсалкын Сейтакунова,
Эл агартуунун мыктысы,
педагог.